Бекитемин

№17-мектеп директору

_________Омурзакова Д.Т

**№17 мектеп –гимназиясынын ата-энелер комитети жөнүндө**

**ЖОБО**

(КРнын Билим берүү илим министрлигинин жалпы билим беруу уюмдарында ата-энелер комитети жөнундөгү типтүү жобонун негизинде)

**1.Жалпы жоболор**

1.1.Иштелип чыккан ата-энелер комитетинин жобосу ата-энелер чогулушунда талкууланып,мектеп ишке киргизилет.

1.2.Ата-энелер комитети жалпы мектептики жалпы ата-энелер чогулушунда,ал эми класстын ата-энелер комитети класстык чогулушта каралат.

1.3.Жалпы ата-энелер комитетинин түзүмү 3төн кем эмес ата-энеден туруп,мектеп директору тарабынан бекитилет.

Ал эми класстан ата-энелер комитетинин шайлоо ата-энелер чогулушунда колго салынып,протокол менен чечим чыгарылат.

1.4.Ата-энелер комитеттеринин төрагасы жана анын мүчолору жалпы мектептики 3 жылдык мөөнөткө ал эми класстыкы ата-энелер чогулушунда кабыл алынган чечимге жараша болот.

1.5.Комитеттин иш-аракети КРнын "Балдар жөнүндөгү кодексине"КРнын "Билим берүү жөнүндөгү мыйзамына",КРнын Өкмөтүнун токтому менен бекитилген "Жалпы билим беруучу уюм жөнүндөгү "типтуу жобого жана мектеп тарабынан бекитилген Жобого ылайык иш жүргүзулөт.

1.6.Комитеттин чечими мектептин жетекчилиги учун сунуш катарында кабыл алынат жана мектеп жетекчилигинин буйругу менен гана милдеттуу катарында ишке ашырылат.

1.7.Комитет мектептин директору менен макулдашылган план жана тартип боюнча иш алып барат.

1.8.Белгиленген маселелер боюнча комитет билим беруу уюмунун атынан иш жургузуп,ал докуметтерди билим беруу уюмунун жетекчилиги менен комитеттин төрагасы (төрайымы)кол коюшат.

**2.Ата-энелер комитетин уюштуруунун максаты:**

2.1.Ата-энелер менен мектептин ортосундагы байланышты чыңдоо бири-бирине болгон ишенимди арттыруу.

2.2.Окуучуларга билим алууда жана тарбиялоодо ыңгайлуу шарттарга тузуп беруу.

**3.Ата-энелер комитетинин милдеттери:**

3.1.Окуучулардын ата-энелери менен алардын укуктары жана милдеттердин тушундуруу уй-булодо баланы тарбиялоо боюнча маалыматтарды жайылтуу,ата-энелерди мектептин окутуу жана тарбиялоо процессине тартуу иштерин жургузушот.

3.2.Жалпы ата-энелер комитеттерине класстык ата-энелер комитеттеринин ишин координациялайт.

3.3.Жалпы мектептик иш-чараларды өткөрүүгө көмөктөшөт.

3.4.Жалпы мектепти жаны окуу жылына даярдоо иштерине катышат.

3.5.Класстык жана жалпы мектептик ата-энелер чогулуштарын уюштурууга көмөктөшөт жана керектуу маалыматтар отчеттор менен тааныштырылат.

3.6.Мектеп шарттары менен мектеп турмушунун ынгайлуулуктарын пропагандалоо маселеси боюнча коомдук уюмдар менен оз ара аракеттенишет.

3.7.Жашы жетелек окуучулардын арасында укук бузууларды козомолсуз жана кароосузкалгандардын алдын алуу маселеси боюнча мектептин педогогикалык эамааттары менен бирге иш алып барат.

**4.Ата-энелер комитеттеринин укуктары:**

4.1.Мектеп администрациясына тийиштуу сунуштарды киргизуу жана аларды кароонун жыйынтыктары боюнча маалымат алууга;

4.2.Балдардын укугун коргоо боюнча мектеп жетекчилигине же болбосо класс жетекчиге кайрылууга;

4.3.Окуучулардын билим алуусуна сапатын жакшыртууну камсыз кылуучу мектептин материалдык-техникалык жабдуулары боюнча маалымат алууга;

4.4.Жалпы билим беруу уюмунун чектелуу актыларын талкулоо иштерине катышууга;

4.5.Үй-булодо балдарын тарбиялоодон баш тарткан же болбосо балдарынын муктаждыктарын камсыз кылбаган ата-энелерге тушундуруу иштерин жургузуу менен жыйынтыгына жараша коомдук чара колдонуу маселерине катышууга;

4.6.Мектеп турмушуна активдуу катышуу менен жигердуу иш жургузулуп жаткан ата-энелерди сыйлоого;

4.7.Тийиштуу маселелер боюнча педагогикалык кеңештин же башка башкаруу уюмдардын отурмдарына катышууга;

4.8.Кучундо турган ченемдик –укуктук актыларына ылайык чечимдерди кабыл алууга.

**5.Иш кагаздарын жургузуу:**

5,1.Комитет өзунун өткөргөн конференцияларынын отурумдары менен мектептик ата-энелер чогулуштарынын протоколдорун,токтомдорун жургузот.

5.2.Ата-энелер комитетинин иш-планы,тактама-отчеттору,протоколдору мектепте сакталат.

5.3.Комитеттеги иш кагаздарын алып баруу мектеп жетекчилиги менен макулдашылган катчы аркылуу жургузулот.